**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма төртүнчү сессиясы

## ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 24-8** **21-август 2026-жыл**

### Талаа-Булак айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жер комиссиясынын отурумунун 2026-жылдын 22-июлундагы № 4 протоколунун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 18-августундагы чыгыш № 01-28/1463 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы № 12 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Талаа-Булак айылында жайгашкан 0,50 га жер тилкесинин № 29 контурдагы 0,44 га жер аянтын «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынын көп жылдык бак-дарактар түрүнөн жана №30 контурдагы 0,06 га жер аянтын «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынын курулуш алдындагы жерлери түрүнөн максаттуу багытын «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**